**К. Ибраималиев атындагы Күрпүлдөк орто мектебинин 2019-2020-окуу жылында социалдык педогогдун аткарган иштеринин жылдык**

# А Н А Л И З И

Окуу жылынын башында 10-сентябрга ар бир класстын класс жетекчилери менен бирдикте мектеп боюнча балдардын социалдык абалы иликтенип, такталып жарым-жетим, толук эмес үй-бүлөөдөгү, авганецтин үй-бүлөөсүндөгү, аз камсыз үй-бүлөөдөгү, бала кезден майыптар, эмгек мигранттары жана алардын балдары такталып районго берилди. Жарым-жетим балдар 4 окуучу, көп балалуу үй-бүлөө 3 андан 12 окуучу катталды, толук эмес үй-бүлөөдөн 28 окуучу, аз камсыз 2 үй-бүлөө такталып андан 2 окуучу, эмгек мигранттарынын балдарынан 13 окуучу катталып алар чоң ата, чоң эне, тай ата, тай энелеринин колунда калганы такталды. Авганецтердин балдарынан 1 үй-бүлөөдөн 2 окуучу, бала кезден майып 1 окуучу, ал 6-класстын окуучусу Сагынбеков Айбек. Бул балдар жөнүндө тийиштүү документтер, медициналык справкалар алынды. Мектепте жетим балдар жок.

2019-2020-окуу жылына кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча ИДН инспектору Мырзалиев Азиз менен бирдикте иш план түзүлүп, атайын Панфилов райондук ИИБ тарабынан бекитилген иш график менен тартип бузуулардын алдын алуу боюнча профилактикалык иштер жүргүзүлүп келет. Андан тышкары инспектордун сүрөтү менен аты, жөнү жазылган баракча балдардын көз алдына илинип, райондук ички иштер бөлүмүнүн балдар арасында кылмыштуулуктун алдын алуу ишчаралары, ЮДМ иштери, ИДН иштери боюнча пландар илинген, атайын "Менин укугум" бурчу уюштурулду. ИДН кызматкери Мырзалиев Азизтин катышуусу менен ата-энелер чогулушу 1 жолу өткөрүлдү. Балдар арасында суицид, рекетизм боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, анын негизинде учетко алуу иштерине түшүнүк берди.

Социалдык педогогдун иш планынын негизги багыты укуктук тарбия берүү болуп саналгандыктан, укук бузуулардын алдын алуу боюнча тарбиялык сааттарга кирдим. Балдар укугу тууралуу Конвенция боюнча класс жетекчилер тарабынан декабрь айында укуктук маданиятка тарбиялоо бир айлыгында ачык класстык сааттар өтүлдү. Алар 8-а класста Сатарова Н.А. "Мен жана менин укугум", 7-класс менен 6-класстар ортосунда "Сен укугуңду билесиңби?" конкурсу, 4-класста "балдар укугу тууралуу Конвенцияны билесиңби?" темасында, 1-класста Акылтаева Н.А. "Мектептеги менин укук жана милдетим"деген темаларда ачык класстык сааттарды өтүштү.

Жыл бою атайын тартип бузуулар боюнча арыз же даттануулар менен кайрылган ата-эне, класс жетекчи болгон жок.

Мектеп ичинде бир аз тартип бузуулар болуп турду, бирок аны мектеп директору менен бирдикте ал окуучуларды, класс жетекчисин чакырып балдарды тартипке чакыруу иштерин жүргүзүп келдик.

Биринчи жарым жылдыкта жалпы балдар сентябрь айында медициналык кароодон өткөрүлүп, журналдарга оорулуу балдардын диагноздору жазылды. Тартиби начар балдар класс жетекчилер тарабынан ийримдерге тартылып турат. Жыл ичи сабакты

өтө көп калтырган балдар болгон жок. Тобокел тобуна кирген окуучу бул окуу жылында катталган жок.

Соц. педогог катары 5 окуучунун Кадыракунов Салмандын, Нурбек уулу Бакжанардын, Картаңбаев Жаныш, Байыштын, Адамбек кызы Жазиранын, иманбаева Акылайдын үй шартын текшерип бардым.

Майыптар күнүнө карата айыл өкмөтүнүн соц. кызматкери Айыл өкмөтүнүн атынан Сагынбеков Айбекке белек берди.

Жаңы жылдын алдында 29-декабрда губернатордук балатыга социалдык абалы боюнча 5 окуучу жолдомо алып, Сагатбеков Кудайберген, Иманбаев Урмат, Нарынбеков Эржан, Токонов Абдурахим, Субанкул уулу Сүймөнкул барып келишти.

Жыл жыйынтыгы боюнча жаңы жылга карата Панфилов райондук мамлекеттик администрациясынын белеги социалдык абалдары боюнча аз камсыз үй-бүлөөдөн Адамбек кызы Жазира, Кадыракунов Салман, көп балалуу үй-бүлөөдөн Таштанбек уулу Жаныш, Таштанбек уулу Байыш, Нурбек уулу Бакжанар, Уланбекова Жибек, Сагынбеков Айбек, Авганецтин үй-бүлөөсүнөн Чолпонбек кызы Акылайлар алышты.

Андан тышкары мектеп боюнча бала кезден майып 6-класстын окуучусу Сагынбеков Айбек Панфилов райондук мамлекеттик администрациясынан баалуу белек компьютер менен сыйланды.

Ата-энелер менен иштөө багытында жалпы ата-энелер чогулушу өткөрүлүп, Кожоналиева Н. Дж. "Эрте никеге туруу" деген темада тренинг өтүп, ата-энелердин ыраазычылыгын алды. 2-жарым жылдыкта окуучулардын соц. абалы такталып, документтер каралды.

Кыргыз Республикасынын Коопсуздук Кеңешинин 2020-жылдын 14-мартындагы "мөөнөтүнөн мурда каникулга таратуу" чечимине ылайык жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министирлигинин 2020-жылдагы 17-мартындагы №08-181 чыгыш номерлүү телефонограммасынаткаруу жана Панфилов райондук билим берүү бөлүмүнүн 2020-жылдын 18-мартындагы Жалпы билим берүү уюмдарынын жетекчилерине берилген №54 буйругу аткарылды.

2020-жылдын 20-мартындагы №325/1, №326/1 буйруктарын аткаруунун негизинде биздин мектеп окуучулар жана ата-энелер менен түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, МНОнун берген графиги менен окуу дистанттык формага өттү.

1-11-кдасстар арасында "Убакытты туура пайдалануу", "Убакытты максатка ылайык колдонгула" деген темада онлайн тарбиялык сааттар видео слайд түрүндө өткөрүлдү.

Мектеп директору: Осмонкулова Б.А.